# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
# ТАРЫХ ЖАНА ЮРИДИКА ИНСТИТУТУ
# ТАРЫХЫ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯ, ЭТНОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ


Диссертациялык кеңеш **Д 07.23.674**

Кол жазма укугунда
**УДК:2:21/29(575.2)(043)**


**САПИЕВА НУРИЯ ЭРМЕКБАЕВНА**


## Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн сакталышы. (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында).

**07.00.07 – этнография, этнология жана антропология**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК-2025**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин “Тарых жана философия” кафедрасында аткарылды

**Илимий консультант:** **Асанканов Абылабек,** тарых илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун директору.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Азыркы мезгилдеги илимий-техникалык жүрүмдөр жана дүйнөдөгү ааламдашуу учурунда, элдердин маданиятындагы жана ааламды кабыл алуудагы көз караштар, барган сайын тездик менен өсүп өнүгүп жатат. Этностордун билими жана ага байланыштуу ички дүйнөсүнүн руху өзгөрүп-өнүгүп келүүдө. Кыргыздар ислам динин туткан жана ага ишенген этностордун бирине кирет. Ошого карабастан алардын көз караштары, жыл өткөн сайын татаалдап, түрдүү көз караштар жана диндик эрежелер орун алып, Кыргызстандагы ар кандай булактар, мазар таштар жана башка сейрек кездешүүчү жерлер, ыйык сыйынуучу жайлар арбын. Бакшылык чөйрөсү жана ага ишенгендер, алардын кызматынан пайдалангандар, сөөк көмүү салтындагы түрдүү салт-санаалардын коштолуусу, түрдүү жаныбарлардын дене мүчөсүнүн эл арасында ыйыкташтырылып колдонулушу, эл ичинде кеңири жайылып жатат. Ислам дининин коомдо кеңири алкакта эл ичинде орун алганына карабастан, ага чейинки диний ишенимдери жана көз караштар ушул мезгилге чейин жашап келет. Кыргыздарда исламга чейинки диний ишенимдери менен ислам динине ишенүү, бири-бирине жуурулушуп, синкретизм көрүнүшү уланууда. Элдердин мазар таштарга, ар кандай булактарга барып алардын жогорку күчүнө ишенип, ошону менен бирге Куран окуу жана Куран түшүрүү адаттагы көрүнүш болуп калды. Ал жерлерде мал союлуп, тамак-аш бышырылып, тамактануу, ыйык жергелерге ишенүү , ал ыйык жерлерге жана ар кандай оору сыркоодон арылуунун жолун издөөнүн көрүнүшү, адатка айланып бара жатат. Нерв ооруларын айыктырууда, жин кубар молдолордун кызматынан пайдалангандар, адамдарды ички көйгөйлөрүнүн негизинде жубай табуу, ишинин оңунан жүрүүсү, балалуу болуу максатында бакшыларга кайрылгандар арбын болууда. Ал көрүнүштөр кээ бир учурларда көпчүлүккө таандык катары байкалууда. Ал көрүнүштөр кээ бир учурларда көпчүлүккө таандык катары байкалууда. Себеби эмнеде? Эмне себептен ислам динин терең жана ар тараптан элдердин арасына сиңип кирүүсүнө карабастан жогоруда аталган көрүнүштөр азайбай келет? Бул татаал суроолорго илимий этнологиялык жол менен жооп берүү мезгил талабы.

Борбордук Азияда Фергана өрөөнү өзгөчө орунду ээлейт. Анын аймагы (105,6 миң чарчы км) Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын ортосунда бөлүнгөн. Фергана өрөөнүндө 20 миллионга жакын адам жашайт, анын 22% Кыргызстанга, 17% Тажикстанга жана 61% Өзбекстанга туура келет. Шаар калкы 7123 миң адамды түзөт, анда эң чоң үлүш Өзбекстанга туура келет – 79%. Өрөөндүн айыл калкы 8,915 миң адамды түзөт, Кыргызстанга 30%, Тажикстанга 22,8% жана Өзбекстанга 47% тиешелүү [288.ИР]. Фергана өрөөнүндөгү шаарлар –бир убакта ислам дүйнөсүнүн руханий борборлору болгондугу белгилүү. Кыргыздардын архаикалык диний ишенимдери

миңдеген жылдары салттуу коомдон бери келе жаткан ишеним болуу менен кыргыздардын канына, дилине жана аң сезимине терең сиңген. Кыргыздардын көчмөн чарбада жашагандыгы архаикалык ишенимдердин жашап келишине себеп болгон. Көчмөн чарба борборлошкон ислам динин жайылуусуна тоскоол болгон, б.а. көчмөн мал чарба менен алектенген элге караганда, олтурукташкан дыйканчылык менен кесип кылган Орто Азия этностору, ислам динин кыргыздарга караганда эрте кабыл алган. Тажик, өзбек, уйгур элдери буга мисал боло алат. Олтурукташкан элдердин тарыхында орто кылымда эле алардан чоң аалымдар (Мухаммад аль Бухари, Абу Али Хуссейна, Ибн Сину (Авиценну), Мухаммада бин Закарию ар-Рази (Разеса) и Абу ар-Райхана Мухаммада аль-Бируни) чыгып дүйнөлүк илимдерге жана тили (фарсы) исламдын Орто Азияга жайылуусуна чоң салым кошкон. Ислам дини суфизм агымы катары кыргыз коомуна жайылгандыгы жана анын терең сиңгендиги болуп саналат. Бул агым исламдын аскеттик-мистикалык агымы болгондуктан архаикалык дин менен толук сиңип кеткендиги эсептелинет.

Фетиштик ишенимдер, Ата-бабалар культу, тотемдик ишенимдер жана бакшылык бирге жашап келген. Кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдери, элдик нарк насил, каада-салт жана ырым-жырымдар катары көрүнүш болуп, элге адат же күнүмдүк жашоодогу эреже катары кызмат кылып келген. Алар кандайдыр бир деңгээлде кыргыз коомуна гана тиешелүү “кыргызчылык” деген түшүнүк менен бириктирип, өзүнө камтыган. Кыргыз элинин дээрлик көпчүлүгү ар бир жердин ээси, колдоочусу бар деп, ал жерге тооп кылып, табынып- сыйынышы, кан чыгарып мал союшу, алардын бир нече диний ишенимде болгонун көрсөтөт. Азыркы учурда кыргыздарда исламга чейинки ишенимдердин калдыктары сакталып, тескеринче толук түрдө ыңгайлашуу менен, ислам дини менен жуурулушуп, синкреттешип, анын маңызы жаңы бир тепкич катары элге кызмат кылууда.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар жана илимий- изилдөө иштери менен байланышы:** диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин “Тарых жана архиялогия” кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн сакталышынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

- эл арасындагы фетиштик ишенимдердин жашап келишин, кыргыздардын отко болгон ишенимин изилдөө жана Жер-Суу культу жана ага арналган жөрөлгөлөрдү, кожо жана эшендердин мазарларынын коомдогу ордун аныктоо;
- Умай энеге болгон ишенимдердин сакталышы жана аялдар гана бара турган мазарларды жана алар өткөрө турган чакан кудайыларды изилдөө;
- тотемге болгон ишенимдердин калдыктарын аныктоо;
- Ата-бабалар культунун сакталышын ачып көрсөтүү;

- бакшылык жана жин кубар молдолор өзгөчөлүгүн жана окшоштуктарын изилдөө;

**Илимий изилдөөнүн жаңычылдыгы жана тажрыйбалык мааниси**: Диссертациялык иш автордун өзүнүн этнографиялык талаа материялдарынын негизинде Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин иликтөөгө багытталган алгачкы изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Элдердин күнүмдүк жашоосундагы түрдүү ырым-жырымдар жана архаикалык ишенимдер менен жуурулушкан диний жөрөлгөлөр, ыйык деп эсептелинген зыярат кылынуучу жайлар, бакшылык жана анын трансформацияланышы, эволюциясы тарыхый негизде изилденди. Эмгекте Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердин өзгөрүү жана өнүгүү жагдайлары алгачкылардан болуп ачылып көрсөтүлгөн. Архаикалык ишенимдердин өнүгүү мезгилиндеги, алардын соңку пайда болгон ислам дининин тийгизген таасири, жаңы динге таандык болгон көрүнүштөрүнүн келип кирүүсү жана аны менен синкреттелиши ж.б. факторлор ачылып көрсөтүлгөн. Тарыхый-этнографиялык, талаа материалдарынан сырткары фольклордун, массалык маалымат каражаттарынын маалыматтары, дин таануу, лингвистикалык булактар да кеңири пайдаланылды.

Диссертациялык иштеги маалыматтар тарыхчы-этнографтарга, маданият таануучуларга, фольклорчуларга, искусство жана дин таануучуларга, илимдин башка тармактарынын өкүлдөрүнө керектүү маалыматтар бар. Илимий иштин маалыматтарын тандалма курстарды даярдоодо, кыргыз этнографиясы боюнча жалпыланган окуу ж.б. китептерин жазууда, окуу программаларын даярдоодо пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздарда азыркы ислам динине ишенүү менен биргеликте архаикалык ишенимдер, башкача айтканда фетишке, отко, Жер – Сууга,Умай энеге, тотемге, Ата-бабалардын арбактарына ар кандай мазарларга кожо-эшендерге, бакшыларга ишеним жашап, ошону менен бирге ал ишенимдер ислам дини менен терең синкреттелишип жана өзгөчөлөнүп жашап келет.
- Илсам дининин тездик жана терең таралышы менен биргеликте эле, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздарда фетиштик ишенимдер - жалгыз даракга, булактарга, ташка, тумарга ж.б. жансыз нерселерге болгон ишеним дагы деле болсо сакталып келет. Жансыз буюмдар элдин тагдырына, келечекте жардам берет, ар кандай суук көздөн жана сөздөн сактайт деп ишенишет. Ошону менен биргеликте эле, аларга ишенүү сактоочу катары карап, Куран окулуп Аллага ишенишет. Кыргыздардагы фетишизм ислам дини менен ар тараптан синкреттелип кеткен жана ал жүрүм азыр да жүрүп жатат.
- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардагы отту ыйык тутуп, дээрлик бардык салт-санаасында жана үрп-адаттарында колдонушат. От тазалайт, аруулантат жана жамандыктардан сактайт деген ишенимде ысырык түтөтүү, шам жагуу, катмы-куран түшүрүү менен

коштолуп келет. Жер-Сууга культуна арналган жөрөлгөлөр Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын жашоосунда жаздын келүүсү менен өткөрүлүп, ар бир кокту-колоттун, тоонун, суунун ээси бар эгер аларга курмандыктар чалынса, алар түрдүү кырсыктардан сактайт деген ишенимде жасалат. Алар менен биргеликте Куран окулуп Алланын аты аталып, бата тиленилет.

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын жашоосунда Умай-энеге ишенүү аялдар гана бара турган мазарлар жана аялдар гана өткөрө турган чакан кудайылардын тынымсыз өткөрүлүшү, Умай эне культу жашап келет, Умай эне коргойт жана жардам берет деген мааниде аткарылып, Курандагы түрдүү сүрөөлөр жана аяттар окулуп, Алланын аты аталат. Кыргыздардагы Умай эне культу исламдашып, ар тараптан синкреттелип кеткен. Ал жүрүм азыр да жүрүп жатат.
- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын кожо жана эшендер көмүлгөн мазарларына зыярат кылуусу, алардын рухтары зыярат жасагандардын ден соолугуна, өздүк проблемалардын чечилишине жардам берет деген ишенимде аткарылып, аларга аталып Куран окулуп, курмандыктар чалынат. Ал мазарлардын коомдо дагы деле орду бар болуп, ислам динин менен синкреттешип азыркы күндө өз ордун жоготпой келет.
- Тотемдик-ыйык деп эсептелинген түрдүү жаныбарлардын дене бөлүктөрүнө ишенүү, кайберендин каргышынын болушу жана алардын колдоочу пирлеринин бар экендигине ишенүү Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардарда сакталып келет. Ыйык деп эсептеп, жаныбарлардын дене мүчөлөрү соодада, көз түйүүдөн сактоодо, жаш балдарга жана боюнда бар аялдарды эмдөөдө колдонулуп келет.
- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардарда Ата-бабаларга болгон ишеним жашап келет. Алардын рухтары жашайт деген ишенимдер бар жана аларга аталып Куран окулуп, курмандыктар чалынат жана алардын рухтарын сыйлабаса, ал адамдын иши оңолбойт деген ишеним жашайт. Ата-бабалар культу ислам дини менен синкреттешип азыркы күндө да коомдо да өз ордун жоготпой келет.
- Сөөк көмүү мезгилиндеги исламга чейинки салт-санаалар сакталып, ислам дини менен биргеликте эле аткарылып келет. Сөөк көмүүдө ислам дининин шарттары аткарылып, жоктоп ыйлоо, кошок айтуу, жыртыш берүү, аза күтүү, көк кийүү, ак кийүү, бейшембилик, кыркы, жылдыгы, айттыктарын өткөрүү менен, арбак ыраазы болсун жана тынч жатсын деген ишенимде аткарылып келет. Ал жүрүм азыр да жүрүп жатат.
- Бакшыларга, жин кубар молдолорго, эмчилерге болгон ишеним замандын өнүгүүсүнө ылайык ага ыкташып, сакталып келет. Алар Курандын аяттары жана сүрөөлөрүн окуп дем салып, элдин тагдырына келечекте жардам берет, ар кандай жамандыктардан сактап,баш ооруударынан айыктырат деп ишенишет. Ошону менен биргеликте эле, аларга эл ишенүү менен сактоочу катары карап, күнүмдүк жашоодо Куран окушуп Аллага ишенишет.

**Автордун жеке салымы**:

Бул илимий иште автор Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аймактарында болуп, исламга чейинки ишенимдерди өз ичине камтыган фетиштик, тотемдик, анимистик жана бакшылык ишенимдердеги түрдүү ыйык сыйынуучу жайлардагы ыйык деп эсептелинген дарак, таш, суу, топурактын колдонулушун, ыйык эсептелинген жаныбарлардын дене мүчөлөрүнүн иштетилишин, сөөк коюудагы түрдүү ырым-жырымдардын өткөрүлүшүн, Умай энеге болгон ишенимдердин өзгөчөлүктөрүн, аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөлөрдүн жана бакшычылыктагы түрдүү көрүнүштөрдүн жана ислам динине тиешелүү салттардын өзгөчөлүктөрүнүн жүрүшүн кеңири талдай алды. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аймактарынан этнографиялык талаа экспедицияларынын мезгилинде топтогон этнографиялык талаа материалдарынын негизинде исламга чейинки ишенимдерге тиешелүү көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө изилдөө жүргүзүлдү.

Мындан сырткары изилдөөнүн жүрүшүндө кошуна жашаган түрк тилдүү элдердин жана тажик элдеринин исламга чейинки ишенимдери менен салыштыруу аракети болду.

Изилдөөчү тарабынан бир катар төмөнкү жаңы этнографиялык материалдар илим чөйрөсүнө алгачкы жолу киргизилди:

- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын түпкү мааниси бир болгон Жер-Сууга арналган өткөрүлгөн Дарвишана, Жыт чыгаруу, Жан кудайы жана андагы “келмеден өтүү” ишенимдери, ошону менен бирге кудайыларынын өткөрүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү изилденди;
- Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын жеке өзүнө тиешелүү болуп жалаң аялдар гана чогулуп Мүшкүл Кишот, Бүчейшенби, Умай аш, Ууз аш, Перзент суроо жөрөлгөлөрү ж.б.у.с. ислам динине чейинки ишенимдердин өзгөчөлүктөрү каралды;
- Анимистик ишенимдеги кожо жана эшендердин сөөктөрү жаткан мазарлардын ыйыктыгы б.а. зыярат жасалуучу жайлардын өзгөчөлүктөрү такталып изилденди.
- Тотемдик ишенимдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын жеке өзүнө тиешелүү болгон Бала урдоо, Акыйка жөрөлгөлөрүнүн өзгөчөлүктөрү такталды.
- Сөөк көмүү салтындагы “кайрадан көмүү”, “кепинин жеп койду”, “кары көтөрүү”, “жер албай койду” ырымдары жана “жалгыз сөөк” коюлган мазарлар, аныкталып изилденди.
- Бакшычылык менен жин кубар молдолордун ишмердүүлүгү изилденди;

**Иштин апробацияланышы**: Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий тезис, макала катары ата мекендик жана чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланган. Алардын жалпы саны 14. Илимий иштеги негизги ойлор, корутундулар, сунуштар диссертациялык изилдөөлөрдүн

айрым бөлүмдөрү илимий жыйындарда жана конференцияларда апробацияланды. Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Тарых-юридика факультетинин, Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедранын отурумунда талкууланды.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы** XXI кылымдын башын камтыйт.
**Географиялык алкагы: Фергана өрөөнүнүн** түштүк-батыш аймактары - Баткен облусту тандалып алынды. Талаа изилдөөлөрү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери салыштырмалуу көбүрөөк сакталып калган айылдарында жүргүзүлдү. Этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү айылдар тандалып алынды: Баткен облусунун Баткен районундагы Бужум, Кадамжай районунан Орозбеков айылдары, Ош облусунун Ноокат районундагы Чеч-Дөбө айылдары.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы ушул аймактарында исламга чейинки ишенимдердин көпчүлүгү сакталып жана ушул күнгө чейин жашап келет.

**Диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүүдөн, алты баптан, он алты бөлүмчөдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 229, тиркеме 50 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү бөлүгүндө** теманын актуалдуулугу, изилдениши, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңылыгы, апробацияланышы, структуралык бөлүнүшү ачылып берилди.
Биринчи бап **“Изилдөөнүн тарых наамэси”** деп аталып, үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө “**Совет дооруна чейинки иликтөөлөр”** каралды. Борбордук Азия элдеринин исламга чейинки ишенимдери, анын ичинде анимистик, тотемдик, фетиштик, бакшылык ишенимдери жөнүндө Кытай жазма булактарындагы жылнаамалардагы маалыматтар, орто кылымдагы авторлордун жазган эмгектери жана XIX к. аягы -XX к. башында көптөгөн саякатчылардын, окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган.

Кытай булактарында б.з.ч. 201 жылы Сыма Цзяндын “Ши-цзы”же “Тарыхый жазма “ ( б.з.ч.145-86 жж.) эмгегинде кыргыздардын ээликтерин хунндарды басып алгандыгы жөнүндө баяндалат. Бул менен катар кыргыздардын “отко” (зороастризм) сыйынуусу жана кээ бир катмары буддизмге ишенүүсү айтылат. Сыма Цянь өзүнүн “Тарыхый жазмаларында” (Ши-цзи) эмгегинде шаньюй эртең менен ордодон чыгып келе жаткан Күнгө, кечинде болсо Айга сыйынат... Согуш абалын жарыялаштын алдында жылдыздар менен айдын жайгашуусуна байкоо жүргүзөт; ай толгондо кол салышат, ай кемигенде чегинишет деп белгилейт.

XI кылымда жашап өткөн Гардизи “Зейн ал-акбар” китебинде Байыркы кыргыздарда шамандар ритуалдык музыканы аткарып жатып эсин жоготуп, эсине келгенде боло турган окуянын алдын ала айтышат. Бул жылда эмне боloорун, муктаждык жана молчулукту, аба ырайынын кургакчыл же жаанчылдыгы, коркунуч жана коопсуздукту, душмандардын

бастырып кирүүсүн белгилейт.

Н.А.Северцев, орус саякатчысы В.И.Кушелевский, П.П. Семенов-Тян-Шанский, В.В.Бартольд, Ч.Ч.Валиханов, В.В. Радлов, Ф.В. Поярков, эмгектеринде исламга чейинки ишенимдер жөнүндө маалыматтар берилет. Кытай жылнаамаларында, окумуштуулар, саякатчылар, аскер адамдары болушкан жана атайын кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин терең жана ар тараптан изилдешкен эмес. Алардын эмгектери бизге баалуу маалымат-кабар катары негиз болот. Орто Азиядагы тарыхый окуяларды чагылдыруу мезгилинде изилденген материалдардын ичинде кыргыздардын да исламга чейинки ишенимдери жөнүндө маалыматтар камтылган. Мында этнографиялык, экспедициялык материалдардын негизинде иликтөөлөр жүргүзүлүп, кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери жөнүндө учкай сересеп салынып, атайын изилдөөгө алынбаган.

Баптын экинчи бөлүмү **“Совет мезгилиндеги изилдөөлөр” деп аталат**. Совет мезгилиндеги этнографтардын, тарыхчылардын, философтордун, диний ишенимдерин изилдеген эмгектеринде кыргыз элинин исламга чейинки ишенимдери тууралуу кызыктуу, көп кырдуу изилдөөлөр бар. Бул биринчи кезекте кыргыз элинин этнографиясындагы башка маселелерди ( үрп-адаттар, каада-салттар, тамак-аш, кийим-кече) менен катар С.М. Абрамзондун изилдөөлөрүндө кыргыздардын ишениминдеги демонологиялык күчтөрдүн бир бөлүгүн көргөзгөн: Мите-упыр, кансоргуч- 12-13 жаштагы баланын образында, жезтырмак-тумшугу жана тырнактары жезден болгон аял көбүнчө мергенчилерге кол салат, мастан кемпирдин образында болуп адамдардын канын сорот, албарсты-аял образында болуп киндике түшкөн көкүрөгү менен айрымаланып, ал дайыма жаңы төрөлгөн аялдарга жана ымыркайларга коркунуч туудурат деп эсептелинет. Элдин күнүмдүк жашоосунда ислам дининин жөрөлгөлөрү, исламга чейинки ишенимдерге караганда азыраак пайдалангандыгы тууралуу баяндайт.

Ф.А.Фиельструп кыргыздарды изилдеген көрүнүктүү этнографтардын бири. Ал Тянь-Шань, Талас жана Фергана өрөөнүнүн Кыргызстандагы бөлүгүн изилдеген. Анда кыргыз элинин сөөк коюу каада-салттарын, уруулардын сөөк коюудагы жалпы айырмачылыктарын жана окшоштуктарын сүрөттөп берген. Сөөк коюуга даярдануу, элди чакыруу, маркумду эскерүү, аза күтүүнүн узактыгы ж.б. маалымат каралган.

Н.П. Дыренкова Орто Азия менен Сибирдеги түрдүү элдердин, анын ичинен түрк элдеринин “шамандык көз караштарын” салыштырып, Н.П. Дыренкова шамандык белекти кабыл алуунун эки формасы бар экенин жазган. Биринчиси талапкер өзү сыйкырдуу билимге умтулуп же өзү каалап шаман (бакшы) болуу жана экинчиси пассивдүү же мажбурлоо аркылуу аны рухтар кызмат кылууга аргасыз кылып мойнуна алып бакшы болуу жөнүндө маалымат берген.

Б. Аманалиев жаратылыштагы жер, суу, от жана жаратылыштын башка күчтөрүн, культтук түзүмдүн ажырагыс бөлүгү катары карайт. Аты аталган күчтөрдүн тазалоочу, тукум улоочу чыныгы касиеттери бар катары түшүндүрөт. Аны менен катар кыргыздардын түшүнүгүндө “ак” жана “кара”

(жакшылык жана жамандык) түшүнүгү жашаарын, ал эми адамдын денеси болсо аны алып жүрүүчү катары эсептелген.

С.И.Ильясовдун эмгектеринде кыргыздардагы кээ бир демонологиялык ишенимдер менен тотемизмдин калдыктары каралат. Кайып, Камбар-ата, Зеңги-баба, Чолпон-ата, Чычан-ата, Ойсул-ата жана башка жаныбарлардын айрым түрлөрүнүн пирлери, коргоочулары (колдоочулары) тууралуу баяндайт.

Г.П. Снесарев Борбордук Азиянын элдеринин исламга чейинки ишенимдерин, аял ыйыктары жана ыйык сыйынуучу мазарлар жана ал зыярат жасалган жерлерди, илимий-теориялык жактан изилдеген.

О.А.Сухарев өзүнүн эмгегинде Өзбекстандагы жана Орто Азия элдериндеги исламга чейинки ишенимдери боюнча маалымат берет. Анда Умай эне культунун трансформацияланган БибиМүшкүлкишод жана Биби чашанба түрүн, анимистик ишенимдеги Ата-баба культу, ыйык булактар, Нооруз майрамындагы зорастризм дининин калдыктарын, ыйык сыйнуучу жайлардын элдин арасындагы орду тууралуу жазган.

С.М.Андреев өзүнүн эмгегинде Борбордук Азиядагы демонологиялык күч албасты (азыткы) жөнүндө маалымат берет. Албастынын мекени Борбордук Азия болуп эсептелинип, адатта ал узун бойлуу, кир кийимчен, чачтары сары, эмчектери узун болгондуктан, аларды желкесинин артына ыргытып алган аял катары сүрөттөлөт.

Т.Д. Баялиеванын белгилүү эмгегинде талаа иштеринин негизинде чогултулган материалдарга таянып, кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерди көрсөтөт. Жаратылыш культу жана өндүрүш жана чарбалык магия, ата-бабалар культу, сөөк коюу, тотемдик көрүнүштөрдү, демонологиялык тактар, шаманизм жана шаман культу ошондой эле совет доорундагы исламга чейинки ишенимдердин калдыктары, алардын жашап келишинин себептерин жана аларды жеңүү жолдору жөнүндө изилдеген.

Л.А.Фриштейн өзүнүн эмгегинде Орто Азия жана Казакстандагы этностордогу баланын жана кош бойлуу аялдарга карата аткарылуучу ырым-жырымдар жана ыйык деп эсептелинген кээ бири тотемдик жаныбарлардын, от культундагы шам жагуу жана фетиштик ишенимдеги ун чачуу, ал ырым-жырымдардын негизги өзөгүн түзөөрүн белгилеген.

Б.П. Шишлонун эмгегинде кыргыздар менен казактардагы сөөк коюудагы жана тул кармоодогу ырым-жырымдар менен Сибирдеги түрк элдериндеги тул кармоо ырым-жырымындагы окшоштуктары жана айрымасы жөнүндө белгилейт.

Н.Г. Борознанын өзүнүн эмгегинде Орто Азия элдериндеги тумарлардын түрлөрү жөнүндө маалымат берет. Анда фетиштик, тотемдик, шамандык ишенимдердеги тумарлардын Орто Азия элдери аларды коргоочу, сактоочу жана ишинин жүрүүсү үчүн дайыма тагып жүргөнүн, георафиялык шартына, айыл чарбасына карата ал тумарлардын түрдүүлүгүн белгилейт.

Н.П. Лобачева Орто Азия элдериндеги үйлөнүү үлпөт мезгилиндеги, исламга чейинки ишенимдердердин коштоосундагы каада-салттар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр боюнча маалымат берет.

В.Н.Басилов эмгегинде жамгырдын кожоюну, жаныбарлардын пирлери, шамандардын келип чыгышы шамандардын колдоочулары жана кызматчы рухтар, музыканттардын жана ырчылардын пирлери, эң байыркы ишенимдердин түрлөрүнүн калдыктары, Жер-Суу культунун ээлери, ислам ыйыктарындагы бутпарастык кудайларлардын издери, ыйыктардын культундагы шаманизмдин калдыктарын көрсөткөн.

Совет доорундагы тарыхнаамада кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери белгилүү деңгээлде иликтөөлөргө алынган. Анын ичинде окумуштуулар кыргызгыздардын исламга чейинки ишенимдери предмети катары этностун руханий тарыхын, жашоосун, башка элдер менен болгон карым-катнашын далилдей ала турган тарыхый булак катары караган. Айрыкча бакшылык ишмердүүлүгүнө жана теңирчилике өзгөчө маани берилген.

Баптын үчүнчү бөлүмү **“Поссоветтик изилдөөлөр”** деп аталат**.** СССР ыдырап анын ичиндеги мамлекеттер өз эгемендүүлүгүн алган соң, аларда өтө чоң маданий, руханий, социалдык, саясий жарылуулар пайда болду. Анын катарын кыргыздар да толуктады. Демократиянын кеңири жайылуусу Кыргызстандын агартуу системасын да өз кучагына алды. Совет коомундагы этнографтар анын ичиндеги кыргыз этнографтары жана адабиятчылары да идеологиялык чектен чыкпай өз эмгектерин тартуулаган болсо, союз ыдыраган соң кеңири негизде улутук мерчемге таандык болгон эмгектерди байма бай жарыялай баштады.

В.Л. Огудин өзүнүн эмгегинде Фергана өрөөнүнүндөгү кыргыз урууларынын зыярат жасаган ыйык жайлары тууралуу маалымат берет.

Д. У. Сапалованын өзүнүн эмгегинде шаманизмдеги, тотемизмдеги кыргыз-якут окшоштуктары, асман, табият, жөнөкөй күчтөрдүн культун кудайлаштыруу, алардын отко таазим кылуусу жана сөөк коюу каралат. Жер культуна байланышкан жолдун, тоонун, суунун ээлери жана аларга байланыштуу чалынган курмандыктар жөнүндө маалыматтар берилген.

Н.А. Маничкиндин өзүнүн эмгеги кыргыз бакшычылыка жана бакшылык салтына арналган. Анда шаманчылыкка байланышкан руханий жана магиялык практикалар, ритуалдык тексттер жана кыргыз элинин ыйык идеялары каралат.

А.К. Мурзакметов өзүнүн изилденүүсүндө исламга чейинки ишенимдердин кыргыз аялдарынын кош бойлуу, көз жаруудагы, андан кийинки мезгилиндеги наристеге багышталган түрдүү ырым-жырымдарын тобун атаган.

Д.Кара Сомфай Кыргыздардын руханий дүйнөсүнүн негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу жазат. Анда ырым-жырымдар, табып, бүбү-бакшы, төлгөчү, колдоочу рухтар, Теңир, Жер-Суу, Умай-Эне, Ата-бабалар арбактары, рухтар, тул жин жана жин-шайтан, албарсты, жай-таш, олуя-авлиялар (ыйыктардын көмүлүшү), куучу (экзоркист), тумар жана башкалар тууралуу баяндайт.

А.В. Сызранов өзүнүн эмгегинде кыргыздардын, казактардын жана ногой-карагаштардын азыркы учурдагы, исламдашкан шамандык жөнүндө маалымат берет.

Г. Айтпаева жетектеген “Айгине” маданий изилдөө борбору кыргыздардын азыркы учурдагы исламга чейинки ишенимдери боюнча Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы салттуу практиктер жана эксперттер менен биргеликте, табигый жана тарыхый ыйык жерлердин оозеки тарыхы, ошондой эле аларга байланышкан ыйыктар менен кошо

Ж.Орозбекова илимий эгегинде Тянь-Шандын бир катар аймактарындагы кыргыздардын сөөк коюу жөрөлгөлөрү жөнүндө маалыматтарды берген.

Эгемендүүлүк жылдарда кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерине арналган бир катар илимий эмгектер жарыяланып, диссертациялык иштер корголуп, кыргыз этнографиясы, кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери изилдөөгө алынып, жандана баштаган.

Диссертациялык иштин экинчи бабы **“Изилдөөнүн методологиясы, методикасы жана булактары”** деп аталып, эки бөлүктөн турат. Баптын биринчи бөлүмү “**Изилдөөнүн методологиясы жана методикасы”** деп аталат.

**Изилдөөнүн объектиси:** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын азыркы учурдагы исламга чейинки ишенимдерин изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети.** Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы элдин ислам динине чейинки ишенүүлөрү анимизм жана сөөк көмүү салты, фетишизм, тотемизимдин калдыктары жана бакшычылыктын сакталышы каралат. Зыярат кылынуучу жайлардын мүнөзү, дин өкүлдөрү анын ичинен жин кубар молдолор, эмчилердин, бакшылардын эл арасындагы ээлеген орду көрсөтүлөт.

**Изилдөөнүн методологиялык** негизин себеп-натыйжа байланышындагы изилдөө, алардын ырааттуу өнүгүшү жана өз ара байланышын камтыган историзм принциби (тарыхый детерминизм) түздү. Илимий ишти изилдөө учурунда теориялык жана эмпирикалык ыкмалар колдонулду .

Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин изилдөө учурунда негизги булак болуп автордун өзү чогулткан этнографиялык талаа матреиалдары эсептелинет. Эмпирикалык изилдөө ыкмалары колдонулду. Аймактарда изилдөө жүргүзүү - каралып жаткан маселеге байланыштуу, көпчүлүк учурда этнографиялык талаа экспедициясына чыгып, ыйык сыйынуучу жерлерге барып, ал жерге барган зыяратчылар жана ал жерлердеги шайыктар, эл арасындагы дин өкүлдөрү, түрдүү жөлгөлөрдү өткөргөн атинча аялдар, бакшылар жана жин кубар молдолор, эмчи-домчулук менен алектенген адамдарды тикеден тике катышып байкоо жүргүзүп, алар менен кошо маалыматтар чогултулду. Мында респонденттер менен маектешүү жана алар менен чогуу зыярат кылуу, шыпаа булактардан суу ичип, эл кудайы, жан кудайыларга барып, эл менен кошо бата тилеп, аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөлөрдө автор түздөн түз катышып, кут

куюу жөрөлгөсүнүн жүрүмүнө байкоо жүргүзүлдү (Ноокат, Кадамжай, Баткен райондору).

Талаа иштериндеги изилдөөлөрдү ишке ашырууда атайын түзүлгөн анкетанын жардамы менен жогорудагы аты аталган жерлердин, азыркы эл арасындагы күнүмдүк жашоосундагы зыярат кылынуучу жайлардын ордун билүүгө аракет жасалды.

Этнолингвистикалык ыкма менен исламга чейинки ишенимдерге байланыштуу кээ бир диалектикалык жана архаикалык сөздөрдү колдонулду

Изилденген өрөөндө Умай энеге болгон ишенимдердин сакталышы, аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөлөр, бакшылык, ыйык сыйынуучу жерлерге зыярат кылуу менен алектенген жамааттын арасында болуп, аялдар арасында тикеден-тике аралашып, байкоо жүргүздү.

Архаикалык диний ишенимдердин ар тараптан изилдөөдө, динди изилдөөнүн усулдарына да кайрылдык. Дин таанууда илимий усулду адамдын диний көз караштарына жана алардын өзгөчө белгилерин, мүнөздөмөлөрүн тегиндүү маалымат алуу үчүн колдонулду.

Чогултулган талаа материалдарынан исламга чейинки ишенимдердеги ырым-жырымдар, салттар, элдик чыгармалар, фольклордук материалдар, талдоо *анализ жана синтез методу менен* жүргүзүлдү.

Изилденип жаткан аймактын элдеринин исламга чейинки ишенимдеринин өзгөчөлүктөрүн жана өз ара таасирлерин аныктоо үчүн эмгекте *салыштырма-тарыхый ыкма* колдонулду. *Салыштырма-тарыхый ыкма* - элдин руханий маданиятын салыштырып, маданияттагы жалпылыктарын, окшоштуктарын жана айырмачылыктарынын себептерин аныктоочу негизги изилдөөлөрдүн бир ыкмасы. Бул ыкма үч негизги бөлүктөн турат: биринчи, *тарыхый-типологиялык изилдөө ыкмасынын* жардамы менен башка элдердеги архаикалык ишенимдердеги жалпылыктарды изилдөө жагы каралды. Экинчи, изилдөөдө *тарыхый-генетикалык ыкманын* колдонулушу менен алардын байыркы мезгилдерден азыркы мезгилге чейинки эволюциялык өнүгүшүн, жаңыланышы, жаңы баскычка өтүүсү, ошондой эле алардын транформаланышы каралды. Ал эми үчүнчү, *тарыхый-диффузиялык* ыкма жолу менен исламга чейинки ишенимдердин, исламга чейинки ишенимдерди чагылырган ырым-жырымдардагы жана жөрөлгөлөрдөгү жаңылыктар, жыйынтыктар изилдөөгө алынды. Мында кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерине башка элдердин таасири тийип, этномаданий жуурулушуу жүргөнү байкалат.

Ал эми биздин изилдөөлөрүбүздө жогорку ыкмалардын колдонулушу натыйжалуу жыйынтыктарды бергендигин белгилейбиз.

Экинчи баптын экинчи бөлүмү **“Изилдөөнүн булактары”** деп аталат. XXI кылымдын башындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин сакталышы тарыхый-этнографиялык булак катары бир нече багытта изилденди. Изилдөөнүн негизи болуп, автордун өзүнүн 2014-2024-жылдарында чогулган талаа этнографиялык материалдары болуп саналат. Андан тышкары оозеки айтымдардагы маалыматтар, фольклордук материалдар кошумча булак катары колдонулду. Ошондой эле талаа

материалдары жана ж.б.у.с. булактар каралды. Тарыхый-этнографиялык булактарды пайдаланууда, биз, айрым көңүлгө алынбай келген - эл арасында айтылып, бирок жыйналбай калган - материалдарды жыйнап, аларды комплекстүү түрдө пайдаланууга аракет жасалды.

Изилденип жаткан булактардын ичинен автордун талаа материалдары маанилүү орунду ээлеп турат. Автор бир нече багыттар боюнча исламга чейинки ишенимдер аткарыла турган жана жайылган жерлерге барып, талаа материалдарын жыйнап келди.

Талаа изилдөөлөрүндө кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердин көпчүлүгү сакталып калган айылдары камтылган. Мунун натыйжасында этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү айылдар тандалып алынды: Баткен облусунун Баткен районундагы Бужум, Кадамжай районунун Орозбеков айылдары; Ош облусунун Ноокат районундагы Чеч-Дөбө айылы. Тандоо калктын этностук курамын эске алуу менен жүргүзүлдү. Бул жерлерде негизинен кыргыздар басымдуулук кылат.

Бул аймактарда исламга чейинки ишенимдердин сакталышы, башка айылдарга салыштырмалуу көбүрөөк аткарылат.

Үчүнчү бап "**Фетишизм ишенимдеринин жашап келиши"** деп аталат. Бул баптын биринчи бөлүмү **"Эл арасындагы фетиштик ишенимдер"** бөлүмүндө деп аталып анда кыргыздардын фетиштик ишенимдери каралат. Алар коргоочу күчкө ээ болгон түрдүү формадагы таштар, жыгач кесимдери, дене бөлүктөрү, оомат алып келе турган кийимдер, зер жасалгалары, тумарлар, жаратылыштагы ай, күн, жылдыздар, пири же ээси бар жана ыйык деп эсептелинген жерлер, мазарлар, суулар, булактар ж.б. эсептелинет.

Фергана өрөөнүн түштүк батышында азыркы мезгилде да тузду "дем" салганда, арбактарга катмы -куран түшүргөндө, жаңы үй же унаа сатып алган учурда, өткөрүлө турган кудайыда да пайдаланылат. Тумар катары долононун түйүнү, сейдана, ачуу калемпир, көз тикен жана сүрөөлөр жана аяттар жазылган тумарлар көздөн жана назардан сактоочулар деп эсептелинет. "Кутту" кыргыздар байыртадан эле молчулуктун, ырыскынын жана бай жашоонун белгиси катары үйлөрүнө тумар катары тагып келишкен. Кут кую ай толук толгондо жасала турган жөрөлгө. Ал аптанын шаршемби күнү гана өткөрүлөт.

Фетишизмдеги нерселердин бир эле коргоочу жана сактоочу гана эмес бакшылык жөрөлгөлөрдө зыян келтирүүчү буюм катары пайдаланылат. Ийненин жана мыктын босогодо кагылышы ошол үйдөн ырысы, береке-пейиз жана ынтымактыкты качырат деп ишенишет. Кара сыйкыр окугандар мүрзөнүн топурагына кара сыйкыр жасалып үйдүн босогосуна ташташат.

Изилдөө учурунда исламга чейинки ишенимдериндеги фетиштик ишенимдердин колдонуу чөйрөсү да кенен жана ар түрдүү болуп жана алардын аталышынын түпкү маанилерине көңүл бурулду.

Баптын **"Отко сыйынуу"** аттуу экинчи бөлүмдө Фергана өрөөнүн түштүк батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин ичинен отко сыйынуу, элдик салттарды ичине камтыган ишенимдин бир түрү жөнүндө соз болот. Отко сыйынуу эл ичинде анчалык көзгө көрүнбөгөн

туюнтма болгону менен, ал салттык денгээлде жергиликтүү элдин жашоосундагы ажырагыс бөлүгү болуп эсептелинет. Кыргыздар оттун тазалоочу күчүнө бекем ишенип, ушул күнгө чейин аластоону колдонуп келишет. Аластоо жана аны менен коргонуу жана тазалануу жергиликтүү элдин адатына айланган. Отко чакыруу жана от менен тазалоо ырымы милдеттүү түрдө кыргыз элинде болгон. Бул ырым-жырымдар "келинди отко киргизүү" гана эмес, ошондой эле "күйөө чакырды" ырымында да колдонулган. Алар жаңы үйлөнгөндөрдүн үй-бүлөсүн коргоо үчүн жасалган, жана үй-бүлөнү ар кандай кырсыктан сактайт, себеби от таза жана ыйык деп ишенишет.

"Үмүткерлерди атоо" жөрөлгөсү болуп эсептелинет. Бул жөрөлгө эгерде адам сезгенип колу, буту , көзү же кулагы ооруп калса, үйдөгү энелер аткарат. Адам сезгенип калганда кайсыл жери  сезгенсе (ооруксунуп калса) ошол жерине кебезди сүртүп "эгер көзү ооруса көз булака  (көздүн ээсине) атоо, кулак ооруса кулактын ээсине атоо,  кол ооруса кулак ээсине атоо, бут ооруса бут ээсине" деп аталып коломтонун (очоко) жети жерине кебезди койдун куйругуна майлап, аны күйгүзүзөт.

Бакшылар шамды колдонуу менен адамдагы терс энергияны күйгүзүп жок кылышат. Так сандагы шамдарды колдонуп, аларды адамдын денесине тийгизип, курандын сүрөлөрүн окуп, шамдарды жандырат жана алар толук күйүп бүтүшү зарыл. Эгер шам өчүп калса, жөрөлгө жасалып жаткан адам тазаланбай калат деп ишенишет. От символикалык ишеним катары каралып, от тазалайт жана анын дымы асманга көтөрүлүп, тилектер бат орундалат деген ишенимде аткарылат.

**"Жер-Суу культу жана ага арналган жөрөлгөлөр"** деп аталган үчүнчү бөлүмдө кыргыздардагы табият культу – Жер-Сууга аталган жөрөлгөлөр тууралуу сөз болмокчу. Жер-Суу культу башка архаикалык ишенимдер сыяктуу ислам динин таасиринин астында калып, көптөгөн исламга чейинки  ыйыктыктар, исламдык ыйыкташуулар менен бирге жуурулушуп, кээ бири толук кандуу исламдын баалуулугуна айланганЖер-Суу кудайына жылына эки жолу – жаз менен кыштын башында кыргыздар аш – түлөө өткөрүшкөн. Атайын курмандыктар чалынган. Азыркы учурда эрте жазда атайын кошуна-колондор чогулуп, Жер-сууга атап кудайы өткөзүлөт. Ноокат аймагында Жер-Сууга багышталган жөрөлгө "жан кудайы", деп аталат. Анда "келмеден өтүү" ырымы аткарылат. Анда Куран китепти жипке илип, аны жан кудайыга келген эл, тилектерин айтып үч жолу тегеренишет. Жан кудайы бүткөндө Куран окулуп, бата тиленет.

Кызыл-Кыяда шаарында болсо Жер-Сууга багыштап өткөрүлүүчү жөрөлгө  "Дарвишана" деп аталат. Дарвишананин түпкү мааниси өзгөрүп, аты аталган өрөөндө эрте жазда кошуналар каражат чогултушуп, бирөөнүн үйүндө топтолуп, кой союшуп, тамактанышып жөн гана таркап кетишет. Кадамжай районуна Жер-Сууга багыштап  өткөрүлө турган жөрөлгө "жыт чыгаруу" деп аталып, катуу кыян жүрүп же катуу кургакчылык болгон мезгилде өткөрүлөт. Жер-Сууга аталып өткөрүлгөн жан кудайы, дервишана, түлөөлөр исламдык салттын бир бөлүгү катары каралат. Суунун ыйыктыгын

белгилеген ырым-жырымдар арбын. Сууну туруп алып ичпе, балээнин баарын чакырып аласың, күн баткандан кийин, айрыкча кыздарды аккан суудан суу алба жана сууну төкпө, сууга түкүрбө, сууну ашыкча коротпо, убалына каласың, түнү дарыяга жана көлмөгө жуунба суу ээси чарпып коет деген тыюлар кеңири кездешет. Аттары ар түрдүү болгону менен түпкү маңызы Жер-Сууга аталып, айдан аман, жылдан эсен чыккандарына ыраазычылык билдирүү менен, ал жөрөлгөдө Алланын аты аталып, Куран окулуп, бата тиленет. Исламга чейинки ишенимдердин калдыктары ислам дини менен тоскоолдуксуз жуурулушуп, эл ичинде сиңгендигинин далили болуп эсептелинет.

**“Умай энеге болгон ишенимдердин сакталышы аялдар гана бара турган мазарлар жана аялдар өткөрө турган чакан кудайылар”** төртүнчү параграфта каралды. Аялдардын жана балдардын сактоочусу Умай энеге багыштап жана аялдар гана бара турган ыйык зыярат кылынуучу жайларга аялдардын көпчүлүк бөлүгү атайын барып, түрдүү жөрөлгөлөрдү өткөрүшөт.

Ферper

Ферrгананын түштүк-батышындагы аялдар көп бара турган үч мазар Бүзейнеп, Бүүрабия жана Кыз-Коргон мазарлары болуп эсептелинет. Мазарга жеке же жамааттык негизде чогулуп келишет. Зыярат кылуунун себеби көбүнчө жалпы үй-бүлөлүк көйгөй, жеке жашоодогу социалдык ж.б. кыйынчылыктар болуп эсептелинет. Эреже боюнча, мазарга үй-бүлө мүчөлөрү гана барышат. Көбүнчө орто жаштагы жана улгайган аялдар келет Бул мазарларга аялдар гана барып дасторкон жайып. Куран окуп, ал мазарлардын ээсине жыт чыгарышып, тилектерин айтышат.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардагы өзгөчөлүк катары Бүчейшембилик, Мүшкүл кишот, Ууз аш, Умай аш, Перзент суроо жана Умай аш жөрөлгөлөрүнүн аткарылы болуп эсептелинет. Бул жөрөлгөлөрдө аялдар ган чогулуп, дасторкон жайып атинча аял, аялдардын жамааты менен Курандын аяттары жана сүрөөлөрү окуп, аңгемелер (рываят), түрдүү тилектер, баталар айтылат, ошондой эле от культу пайдаланылып шам жагылат. Жогорудагы жөрөлгөлөрдө Умай эне культу ишениминин негизинде ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр, адамдын эркинен тышкары күчү жетпей калган учурларда, аялдар чогулуп өткөрүлөрүн талдоо менен ал адамдын үмүтү ойгонуп, келечекке ишеничи бекемделери байкалды.

**“Азыркы учурдагы ыйык зыярат жасалуучу жайлардын (кожо жана эшендердин мазары) коомдогу орду”** бешинчи параграфта каралды. Кожолор жана эшендердин сөөгү жаткан жайлар, Орто Азияда жана Кыргызстанда ыйык зыярат жасалуучу жайлар катары кеңири таралган. Алар орто кылымда пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Коомдогу диний көз караштардын өзгөрүшү, кожолордун жана эшендердин сөөктөрү жаткан ыйык жайлардын үзгүлтүксүз жашашы Орто Азиянын исламдашуу тарыхый дооруна мүнөздүү. Бул көрүнүш калктын табыйгый мазарлар менен ислам ыйыктарынын синкреттелишин түшүндүрөт, мындай сыйынуу жайлар жергиликтүү элдин туруктуу борбору бойдон кала берген.

Сахаба , Кожо Билал жана Олуя Ата мазарлары, Кадамжай аймагына караштуу Кожо-Кайыр , Кожо Алам, Кожо Паша, Кожо Алматы, Кожо Азиз,

Кожо Гулистан, Кожо Шайик мазарлары жана Баткен аймагына караштуу Кожо Максүт, Кожо Мурат, Кожо Имам, Кожо Матил Бува. Ал эми Эшендердерге тиешеси бар мазарлар: Эшен атанын Кулдургу мазары, Авилакул Эшен мазары жана Эшен Балхи мазары эсептелинет. Олуяларга сыйынуу Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын жашоосунда чоң мааниге ээ жана ал мазарларда ыйык жердеги ар бир ырым, эркектер жана аялдар үчүн белгилүү иш-аракеттерди камтыйт.

Атайын түзүлгөн анкетанын жардамы менен сурамжылоодогу элдердин көбү бул "ширк" дегени менен ыйык жерге барып, өздөрү Куран окуп бата кылып жатат. Ошол эле учурда "ээси уруп кетпесин" деп кооптонушат. Ага карабастан ыйык сыйынуучу жерге барган адамдар даарат алып, ниетин түздөп, зыярат жасоо менен көңүлдөрү көтөрүлүп, жакшы жашоого ишенүү менен, жеке маселелеринин бир аз болсо да арылуусун каалашат.

Диссертациялык иштин төртүнчү бабы "**Тотемизмдин калдыктарынын жашап келиши"** деп аталып, анын биринчи параграфта "**Тотемдик ишенимдеги мифтик ишенимдер" каралды.** Тотемизм ишениминин калдыктарынын эл ичинде анчалык көзгө көрүнбөгөн туюнтма болгону менен, ал салттык ишениминде жергиликтүү элдин жашоосунун ажыралгыс бир бүтүндүгү болуп эсептелинет. Кыргыздар тотемдик пирлердин, колдоочулардын жана ыйык деп эсептелинген жаныбарлардын дене бөлүктөрүн пайдалануу менен каада салттагы, ырым-жырымдагы ээлеген орду, кыргыздардын жашоосунун орчундуу бөлүгү бойдон калган. Тотемдик культтун калдыктары кыргыздардын урууларынын аталышында да сакталып келет (Сары багыш, кара багыш, бугу ж.б.).

Карышкырды ыйык жаныбар катары эсептеп, жергиликтүү элде аны "көк жал" деп аташат. Карышкырдын дене мүчөлөрүн сактоочу катары колдонушат. Уурулука каршы анын тарамышы салынат, анда ишеним боюнча ким уурдаса ал адам тырышып, турбай жатып калат.

Бүркүттүн өтүн, тырмагын ыйык деп эсептеп, колдонушат. Айрыкча анын өтү бакшычылыкта кенири пайдаланылат. Жыландын териси аялдын төрөөт учурунда иштетилет. Жылан менен арбашуу тууралуу аңыз кептер бар. Кайберендин каргышы ага туш болгон, каргыштан арылуу үчүн касида молдолорго барып коргонушат. исламга чейинки ишенимдердин арасынан мифтик тотемдик ишенимдердин издери кыргыздардын күнүмдүк ырым-жырымдарында, соода жүргүзүүдө , аң уулоодо, фольклордо терең сакталып калган.

Баптын экинчи параграфы "**Мал чарбасындагы тотемдик ишенимдер"** деп аталды. Мал чарбасы кыргыздардын көчмөн катаал шартта жашоого керектүү нерселердин бардыгы менен камсыз кыла алган. Кыргыздар азык-түлүктү, кийим-кечени, турак-жайга жана турмуш-тиричилике керектүү буюмдарды алышкан. Ошондуктан кыргыздар малдын төлүнүн санын көбөйүүсүнө кызыктар болуп, малдын жакшы семирип, дени сак жана асылдуу болушу алар үчүн маанилүү болгон. Малдын сөөгүнө болгон ишеним, балдары турбай, биринин артынан бири өлө берген үй бүлө

өткөрө турган жөрөлгө “Акыйка” деп аталат. Койдун этин бүтүн баш сөөк, шыйрактарын кошо казанга салып бышырып сөөгүнө этти жеп жаткан адам тишин тийгизбей мүлжүтөт. Койдун эти желинип бүткөн соң, Куран окулуп, даам сыздырган, үй-бүлөгө бала берүүсүн суранып, бата тиленет. Койдун бардык мүчөлөрүнүн сөөгү ак кебезге ороп, мүрзөгө көмүлүп жаткан учурда “аларыңы алдын, токтосун болсун” деп мүрзөгө алып барылып көмүшөт

Дагы бир баласы турбаган үй-бүлөгө жасалуучу тотемдик ырым “бала уурдоо” деп аталып, баласы турбаган жубайлар балалуу болуп калганда, согончогу канабаган аялга баланы атайын уурдатып, анын үйүндө жети күн ошол ымыркайды каратырат жана жети күн катары менен жети улакты союп, алардын этин колунда жок, жетим-жесирлерге таркатат. Бул жөрөлгөлөр өзүнө тотемдик, анимистиктик-демонологиялык күчтөрү ишеними ислам динин салты менен жуурулушуп, аткарылган ырым болуп эсептелинип, келечектеги ошол үй бүлөдө төрөлө турган ымыркайдын өмүрүн, алдын ала сактоого аракет жасалган.

Эл үчүн малдын жакшы семирип, оору тийип же катаал аба ырайынын шартында жут болбошу жана алардын аман-соо болуусу максатта, Зенги бабанын аты аталып кудайы катары өткөрүлгөн “Ууз аш” жөрөлгөсүн белгиленет. Мал чарбасындагы малдын өзү - алардын жүндөрү, малдын түсү, сөөктөрү аларга колдонгон буюмдар да ыйык деп эсептелинип, мал чарбачылыгына түздөн-түз байланыштуу - камчы, козу байланган көгөн, мал байланган аркан-жиптер, жылкы жабдуулары, сүт азыктарынын аздектеп, пайдалануу да малдын төлүнө жана берекесине таасир этет деген ишенимдер, эл арасында азыркы күнгө чейин сакталып калган.

Бешинчи бап “**Ата-бабалардын арбактарына ишенүү”** анын биринчи бөлүмү “**Ата-бабалар культу жана ыйык жайлар”** деп аталат**.** Ата-бабалардын арбактарына сыйынуу жана ыйык жайлардын үзгүлтүксүз жашашы, бул бардык тарыхый доорлорго мүнөздүү. Мындай сыйынуу жайлар калктын ишенимдеринин туруктуу борбору бойдон кала берген. Ыйык деп эсептелинген мазарлар же табияты кооз жерлер, ыйыкташкан суулар же булактардын Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында өтө көп кездешүү менен суфийлик мааниге ээ болгон аттар менен байланышта. Рухтар же мазарлардын ээлери жана азиздери колдоп жүрсүн жана иштеринин алдыга жүрүш үчүн зыярат жзасалат.

Анимизимди өз ичине камтыган жоосун катары, маркумдун сөөгү коюлбаса да, ага кары көтөрүлүп (күмбөз) курулат. Баткен шаарындагы Токтогул мазары жана Ноокат менен Кадамжай райондорунун чектешиндеги жайгашкан Келин Басты колотундагы мүрзөлөр. Бул эки мүрзөдө сөөк коюлган эмес. Атайлап кары же жалган мүрзө курулган жана арбак үчүн азыркы учурда Куран окушат. Бир эле исламдык салттар эле эмес анимистик, фетиштик ишенимдердин калдыктары жана бакшылык жөрөлгөлөрдүн, ал жерде өткөрүлүп, бирге синкреттешип сакталып келет. Ата-бабалар культуна тиешелүү *өзгөчөлүктөрү* жергиликтүү ислам ыйыктары менен байланышкан жайлардын көптүгү, зыярат кылуучу жайлардын рухтарын аттарынын аталып “ортомчу” (вахиле) катары коюп, Алладан сурануу менен Курандын окулушу,

сөөк жок туруп, ага атап “кары” көтөрүү же жалган мүрзөнүн болушу эсептелинет.

Ал эми экинчи бөлүм “**Сөөк коюу мезгилиндеги исламга чейинки салт-санаалар”** деп аталып, анда азыркы учурдагы сөөк коюудагы анимистик ишенимге тиешелүү салттар жана ырым-жырымдар тууралуу сөз козголмокчу. Сөөк-коюу — көзү өтүп кеткен инсандын сөөгүн ардактап жерге жашыруунун кыргыздарга таандык жөрөлгө. Сөөк коюудагы салтындагы исламдык эрежелер жана исламга чейинки ишенимдердин салттарынын эл арасында сакталып келиши жөнүндө изилдөө болот. Ислам салтындагы кепиндөө, тазия кармоо, жаназа окуу менен биргеликте кара аш, үчүлүк, жетилик, 40 күн, чоң аштар өткөрүлөт. Ошондой эле эл арасындагы “кайрадан көмүү”, “башына суу кую”, “жалган мүрзө же кары көтөрүү”, “жер албай койду” ырымдары, анимистик ишенимдин калдыктары катары сакталып келет. Жоктоп ыйлоо, маркумга атап кошок айтуу, эркек тууганынын өкүрүп кирүүсү маркумдун кийимин бөлүштүрүү, ага атап жыт чыгаруу, өлгөндөн кийин үч күн катар менен маркумдун мүрзөсүнө зыярат кылуу, башына суу куюу, жыртыш берүү менен бирге жалгыз мүрзөнүн коюлушу, сөөгү жок мүрзөлөрдүн жасалышы, кайрадан көмүү же кепинин жеп койду, жер албай койду түшүнүгү камтыйт. Маркумду эскерүү менен байланышкан каада-салттарды жана ырым-жырымдарды сакталышына карабастан, трансформациясы пайда болгон, б.а. эскерүү менен байланышкан ырым-жырымдар жөнөкөйлөтүлгөн. Мисалы, XX-кылымдын аяктарында болсо, маркумдун жашына карабастан, бир жылга созулган аза күтүлсө, азыркы күндө аза күтүү тогуз же он айга чейин белгиленет. Сейрек учурларда гана улгайган адамдар каза болсо, алар үчүн бир жылга чейин аза күтүлөт. Ошону менен бирге алардын себеби, ислам динин эл арасына сапаттык жайылышы, ааламдашуу, урбанизация жүрүмдөрү, ошондой эле социалдык-экономикалык турмуштагы өзгөрүүлөр, сөөк коюудагы исламга чейинки ар кандай жөрөлгөлөр акырындап жоголуп бара жатат. Ага карабастан кээ бирлери азыркы мезгилге чейин сакталып келет.

Алтынчы бап **“Бакшычылыктын эл арасында жашап келиши”** анын биринчи бөлүмү “**Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы бакшылык жана жин кубар молдолор”** деп аталды. Бакшылык, эмчи-домчулук жана таш төлгөө тарткандар, жин кубар (Касида жана Кашмир илиминдеги) молдолор Кадамжай, Баткен жана Ноокат өрөөндөрүндөгү элдеринин күнүмдүк жашоосунун азыркы күндө сакталып келет. Орто Азия элдеринин исламга чейинки диний ишенимдеринин өзгөчөлүгү Бакшы-бүбү болуу жараяны болуп эсептелинет. Бакшы-бүбүлөрдүн «көз ачыктык» кылышы, арбактардын жардамы, колдоочу азиздеринин жардамында ишмердүүлүк жүргүзөт. Ал эми жин кубар молдолор болсо ислам динини суфий агымынын мистикалык иш аракеттердин жана рухтардын жардамында иш алып барышат. оорулууну даарылоочу катары анын ичинен жин чыгаруучу молдолор, ата-бабасынан келе жаткан кесип катары өздөрүнө ыйгарышкан.

Ферғананын түштүк-батыш бөлүгүндөгү, азыркы учурда элдин терең катмарына сиңип калган, бакшылык менен жин кубар молдолордун окшоштугун жана айрымасын төмөндөгүдөй негизде көрсөтө алабыз. Жин кубар молдолор, бакшылар ааламдан келген кандайдыр бир касиетке ээ болуу менен устаттарынан билим алышат. Жин кубар молдолор, бакшылар да 40 күндүк чилдега сөзсүз олтурушат. Эки тараптын тең ата-бабаларынан келген кесип катары кабыл алышат. Эки тарап тең шамандык оору менен оорушат б.а. ден соолугу начарлайт, аткара турган иштери жүрбөйт, аян түштөрдү көрүшөт. Эки тараптын тең өзүнүн колдоочуларынын негизинде иш жүргүзөт б.а. Азиздери иштин кандай жүрүшүн көзөмөлдөйт. (пирлер, дөө-шаалар,мазар-машаяктар, ата-бабасынын арбактары). Алар илимди жана көзү ачыктыкты алгандан кийин, кайрадан руханий жаңыланып төрөлүшөт. Бул ишмердүүлүк менен алектенбесе өздөрү ооруп калат. б.а. аларды “жүк” басат жана иштери жүрүшпөйт. Эки тарап тең транска кирет б.а. окуп жаткан мезгилде катып калат, өзүн жоготуп, түрдүү үндөрдү чыгарып, галюцинация болушат. Эки тарап тең Курандын сүрөөлөрү жана аяттары менен ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Алар элдик медицина менен да алектенишет, б.а. дем салуу менен биргеликте түрдүү чөп тундурмаларын жана ыкмалуу укалоону колдонушат. Таспи, камчы, бычак өзүнүн ишмердүүлүгүндө иштетишет. Ошентип, бакшычылыктын жана жин кубар молдолордун басып өткөн тарыхы узак жана көп кырдуу, исламга чейинки ишенимдердин жана ислам дининин синкреттешкендигинин жыйынтыгы болуп эсептелинет.

Баптын экинчи бөлүгү **“Эмчи-домчулар”** деп аталып**,** бакшылыктын бир бөлүгү катары эмчи-домчулар сөз болот. Эмчи-домчулук өзүнүн ырым-жырымдары жана диний мазмунунун толуктугу менен салтуу маданияттын өзгөчө бөлүгү болуп эсептелинет. Эмчи-домчулар бала эмдейт, жүрөк көтөрөт, апаптайт, кирне жойот, төрөбөгөн аялдардын перзент көрүшүнө, боюна бүтүшүнө себепкер болушат ошондой эле куяң үзүп жана дененин сынган же чыккан жерлерин оңдөп, түзөп, салышат.

Баланы эмдөөдө түрдүү ыкмалар колдонулат. Кээ бири ун жана койдун куйругу менен эмдесе, экинчиси ташбаканын тукумун колдонуп эмдейт, үчүнчүсү болсо жөн гана баланын башын теңдеп, колу менен укалап, ак кездемеден баланын башына нокто тигип, аны кийгизип эмдейт. Алар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө “Умай эненин колу менин колум эмес” деп эмдешет.

Эмчилердин дагы бир түрлөрү бул көз үйлөөчүлөр, тиш байлоочулар жана ич үзүүчүлөр болуп эсептелинет. Көз сезгенип, кызарып ооруп калганда аны үч жолудан ырымдап, үч күн катары менен көздү үйлөйт. Тиш ооруганда, сөөл колду, бетти басып кеткенде жана денеге жара чыкканда аларды окуп дем салган кишини “байлоочу” деп аташат. Төлгө көбүнчө кырк бир таш, койдун далысы, ашыгы жана башка буюмдар менен, жылдыздардын асмандагы жайгашуусуна карай ачылат. Төлгөө тарткандардын көпчүлүгү таштар менен төлгөө ачса, кээ бирлери жүгөрүнүн даны менен тартат. Эмчилердин шыпаа таптыруу мезгилиндеги ишмердүүлүгүндө фетиштик, анимистик жана тотемдик ишенимдердердин коштоосунда аткарылат.

**Корутундуда** диссертациядагы иликтенген маселелерге тыянактар сунушталды.

- исламга чейинки ишенимдердин башаты байыркы мезгилдерге барып такалат, ал жергиликтүү мүнөзгө ээ;
- кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери чөлкөмдөгү башка этностордун ишенимдери менен тыгыз байланышта;
- исламга чейинки ишенимдер ааламдашуу жүрүмү менен биргеликте муундан-муунга берилүүчү салт-санаа, ырым-жырымдардын топтомун түзө алат. Жогорудагы топтом элдин жашоосундагы жазылбаган мыйзам катары кабыл алынып, ал шарт жүзүндө тыкыр жана үзгүлтүксүз аткарылып келинет

Исламга чейинки ишенимдерди изилдөөнүн негизинде этникалык тарыхтын, этномаданий процесстин жалпы көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү булактардын бири катары кароого мүмкүндүк берет.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин өзгөчөлүктөрүн орто жана жогорку окуу жайларынын, жалпы билим берүүчү мекемелердин окуу китептерине киргизүүнү сунуштоо, тарых жана этнология, антропология боюнча адистешкен жогорку окуу жайларында атайын курстарды уюштуруу.

Исламга чейинки ишенимдерин андан ары изилдөө кыргыздардын башка тектеш жана коңшу этностор менен этногенетикалык жана этномаданий мамилелерин аныктоого жардам берет;

Исламга чейинки ишенимдерди изилдөөдө жыйынтыктуу иштерге жетүү үчүн илимий-теориялык негиздердин топтомун иштеп чыгуу зарыл.

Исламга чейинки ишенимдеридин тарыхтагы ээлеген ордун дагы терең ачып берүү үчүн комплекстүү жана систематикалык изилдөө иштери менен, ага байланышкан бул мезгилге чейин колдонулбаган терминдерди этнографиялык сөздүккө киргизүү абзел.

**Изденүүчүнүн диссертациялык тема боюнча жарыялаган макалалардын тизмеси :**

1. Сапиева, Н. Э. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардагы отко сыйынуунун калдыктары [Текст] / Н. Э. Сапиева // Изв. ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 3. – 197-б.

2. Сапиева, Н. Э. Кыргыздардагы фетишизм ишенимдеринин жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышынын мисалында) [Текст] / Н. Э. Сапиева // Изв. ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 3. – С. 192–196.

3. Сапиева, Н. Э. Жер-Суу культу ага байланышкан жөрөлгөлөр жана ырым-жырымдар [Текст] / Н. Э. Сапиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 7. – С.

4. Сапиева, Н. Э. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы бакшылык жана жин кубар молдолор [Текст] / Н. Э. Сапиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 7. – С.

5. Сапиева, Н. Э. Азыркы учурдагы зыярат жасалуучу ыйык жайлардын (кожо жана эшендердин мазары) коомдогу орду [Текст] / Н. Э. Сапиева // Кыргыз респ. УИ акад. кабарлары. – Бишкек, 2024. – № 1. – 72–78-б.

6. Сапиева, Н. Э. Ата-бабалардын рухуна болгон ишеним [Текст] / Н. Э. Сапиева // Кыргыз респ. УИ акад. кабарлары. – Бишкек, 2023. – № 4. – 83–89-б.

7. Сапиева, Н. Э. Аялдар бара турган мазарлар жана аялдар өткөрө турган чакан кудайылар [Текст]: очный докл. / Н. Э. Сапиева // Программа Междунар. науч. конф.: Древние и средневековые культуры Ферганской долины в контексте взаимодействия кочевых и оседлых обществ Центр. Азии. 25-26 окт. 2024 г. – Ош, 2024. – С .65–74.

8. Сапиева, Н. Э. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы тотемизмдин калдыктарынын жашап келиши [Текст] / Н. Э. Сапиева // Вестн. Междунар. ун-та им. К. Ш. Токтоматова. – Жалал-Абад, 2023. – № 4. – С.108-114.

9. Сапиева, Н. Э. Бакшылыктагы ыйык сыйынуучу жайлардын орду [Текст] / Н. Э. Сапиева // Вестн. Междунар. ун-та им. К. Ш. Токтоматова. – Жалал-Абад, 2023. – № 4. – С. 102-107.

10. Сапиева, Н. Э. Погребальная традиция (на примере кыргызов юго-запада Ферганской долины) [Текст] / Н. Э. Сапиева // Вестн. Ош. гос. ун-та. – 2024. – № 2. – С. 263–270.

11. Сапиева, Н. Э. Азыркы учурдагы зыярат жасалуучу ыйык жайлар [Текст] / Н. Э. Сапиева // Баткен мамл. ун-нин жарчысы. – 2022. – № 1. – 73–75-б.

12. Сапиева, Н. Э. Totem Beliefs in Livestock Farming in the Southwest of the Ferhana Valley (article) [Text] / Н. Э. Сапиева // Bulletin of Science and Practice. – Nizhnevartovsk, 2025. – № 2.

Сапиева Нурия Эрмекбаевна «**Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн сакталышы. (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында).**» аттуу темадагы 07.00.07- этнография, этнология

жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын


**Резюмеси**

**Ачкыч сөздөр**: кыргыздар, фетишизм, анимизм, тотемизм, бакшылык, Умай эне, культ, ислам, архаикалык, каада-салттар, жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар.

**Изилдөөнүн объектиси:** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын азыркы учурдагы исламга чейинки ишенимдерин изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети.** Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы элдин ислам динине чейинки ишенүүлөрү анимизм жана сөөк көмүү салты, фетишизм, тотемизимдин калдыктары жана бакшычылыктын жашап келисүү каралат.

**Илимий изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери комплекстүү изилдөө жүргүзүлдү. Исламга чейинки ишенимдерди камтыган фетиштик, анимистик, тотемдик жана бакшылык изилденди. Исламга чейинки ишенимдерди өз ичине камтыган саллтардын, жөрөлгөлөрдүн жана ырым-жырымдардын пайдалануу чөйрөсү көрсөтүлдү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи:** Изилдөөнүн методологиясы негизин алдыңкы окумуштуулардын, тарыхчылардын, этнографтардын, дин таануучулардын теориялык иштеп чыгуулары түзөт. Жыйналган материалды изилдөө тарыхый фактыларды жана окуяларды себеп-натыйжа байланышында изилдөөнү, алардын ырааттуу өнүгүшүн жана өз ара байланышын камтыган историзм принцибине (тарыхый детерминизм) таяндык.

**Илимий иштин жаңылыгы.** Кыргызстандагы этнология илиминде алгачкы жолу Фергана өрөөнүнүң түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердин сакталышы иликтөөнүн объектиси жана предмети катары каралат.

**Изилдөөнүн илимий-теориялык** жыйынтыктары кыргыз элинин салттык руханий маданияты боюнча жалпылама тарыхый этнографиялык эмгектерде камтылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү.** Азыркы учурдагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери эмгек, жалпы эле кыргыз тарыхый-этнографиялык окуу китептеринде жана лекцияларда маалымат катары колдонулушу ыктымал.

**Илимий-тажрыйбалык мааниси.** Иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу изилдөө иштерин жазууда колдонула турган фактылык материалдардын бири болуп саналат. Тарыхчылардын, археологдордун, этнографтардын жана дин таануучулардын изилдөө практикасында маанилүү жардамчы боло алат. Иштин жыйынтыгы менен тарыхый-маданий аймакты картага түшүрүү үчүн маалыматтык базаны түзсө болот.


Сапиева Нурия Эрмекбаевна на тему “Сохранение доисламских верований кыргызов в наше время (на примере юга-западный Ферганской долины)”

подготовила диссертацию на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07 – этнография, этнология и антропология.


**Резюме**

**Ключевые слова:** кыргызы, фетишизм, анимизм, тотемизм, шаманизм, Умай-эне, культ, ислам, архаика, обычаи, традиции, ритуалы.

**Объект исследования:** Доисламские верования современных кыргызов на юго-западе Ферганской долины.

**Предмет исследования:** Аспекты доисламских верований населения юго-запада Ферганской долины, включая элементы анимизма, обычаи погребения, остатки фетишизма, тотемизма и шаманизма.

**Цель и задачи научного исследования:**

Целью работы является комплексное изучение доисламских верований кыргызов юго-запада Ферганской долины. Исследованы фетишистские, анимистические, тотемные верования и шаманизм, а также их проявления в обычаях, обрядах и ритуалах.

**Методология исследования:**

Методология основывается на теоретических разработках ведущих ученых – историков, этнографов и религиоведов. Анализ материала проводился с использованием принципа историзма, исследующего исторические факты и события в их причинно-следственных связях и последовательном развитии.

**Научная новизна:**

Впервые в кыргызской этнологии объектом и предметом исследования стала проблема сохранения доисламских верований кыргызов юго-запада Ферганской долины.

**Научно-теоретические результаты:**

Выводы исследования могут быть использованы в обобщающих историко-этнографических трудах по традиционной духовной культуре кыргызского народа.

**Область применения:**

Современные верования кыргызов до принятия ислама, вероятно, используются как информация в трудах, а также в общих учебниках по истории и этнографии Кыргызстана и в лекционных материалах.

**Научно-практическая значимость:**

Практическая ценность работы заключается в ее использовании как источника фактологического материала для фундаментальных исследований по истории и культурологии. Результаты исследования могут быть полезны историкам, археологам, этнографам и религиоведам, а также в создании информационной базы для историко-культурного картографирования региона.

Dissertation by Sapieva Nuriya Ermekbaevna on the topic " Preservation of pre-Islamic beliefs of the Kyrgyz in our time (using the example of the Southern Ferghana Valley)" for the degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty 07.00.07 – Ethnography, Ethnology, and Anthropology.

## SUMMARY

**Keywords:** Kyrgyz, fetishism, animism, totemism, shamanism, Umai Ene, cult, Islam, archaic, customs, traditions, rituals.

**Object of the study:** The pre-Islamic beliefs of modern Kyrgyz in the southwest of the Ferghana Valley.

**Subject of the study:** Elements of pre-Islamic beliefs among the population of the southwest Ferghana Valley, including animism, burial customs, remnants of fetishism, totemism, and shamanism.

**Research Goals and Objectives:**

The goal of the study is to conduct a comprehensive analysis of the pre-Islamic beliefs of the Kyrgyz in the southwest of the Ferghana Valley. The research explores fetishistic, animistic, totemic beliefs, and shamanism, as well as their manifestations in customs, rituals, and ceremonies.

**Methodological Basis:**

The study's methodology is grounded in the theoretical works of leading scholars in history, ethnography, and religious studies. The analysis of the collected materials was conducted based on the principle of historicism, which examines historical facts and events in their cause-and-effect relationships and sequential development.

**Scientific Novelty:**

For the first time in Kyrgyz ethnology, the preservation of pre-Islamic beliefs among the Kyrgyz in the southwest of the Ferghana Valley is considered as the object and subject of the study.

**Scientific-Theoretical Results:**

The conclusions of the research can be incorporated into comprehensive historical and ethnographic works on the traditional spiritual culture of the Kyrgyz people.

**Practical Applications:**

The current beliefs of the Kyrgyz before the adoption of Islam are likely to be used as information in works, as well as in general textbooks on the history and ethnography of Kyrgyzstan, and in lecture materials.

**Scientific and Practical Significance:**

The practical significance of the study lies in its use as a source of factual material for fundamental research in history and cultural studies. The results can be valuable for historians, archaeologists, ethnographers, and religious scholars, as well as in creating an informational database for mapping the historical and cultural region.